U.S. Embassy in the Kyrgyz Republic

ассоциация SMART ЖАРАН

Расширяя гражданское пространство ВМЕСТЕ

# Коммерциялык эмес уюмду түзүүгө карата укукту жүзөгө ашыруу

Изилдөөнүн авторлору:
Айгерим Шадманали кызы
Жазгүл Дуйшөнбекова


Бишкек 2022

**Коммерциялык эмес уюмду түзүүгө карата укукту жүзөгө ашыруу**

Бул изилдөө Кыргыз Республикасындагы АКШнын Элчилиги тарабынан Смарт Жаран Ассоциациясы ишке ашырып жаткан “Жарандык мейкиндикти бирге кеңейтүү” долбоорунун алкагында каржыланды. Изилдөөдө көрсөтүлгөн ой-пикирлер, корутундулар жана сунуштар авторлорго таандык жана АКШ Мамлекеттик Департаментинин  жана Смарт Жаран Ассоциациясынын көз карашын милдеттүү түрдө көрсөтпөйт.

Изилөөнүн авторлору: Айгерим Шадманали кызы жана Жазгул Дуйшонбекова

Эл-аралык коммерциялык эмес борбордун(ICNL)  юридикалык кеңешчиси  Атай Ахметовго изилдөөнүн жүрүшүндө кеңеш берип көмөк көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык билдиребиз.



**МАЗМУНУ:**

**КИРИШ СӨЗ**

1. Коммерциялык эмес уюмдардын уюштуруу-укуктук формаларынын түшүнүгү жана түрлөрү
2. Коммерциялык эмес уюмдарды каттоонун жана кайра каттоонун тартиби
3. Кыргыз Республикасынын "Юридикалык жактарды филиалдарды(өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" жана Кыргыз Республикасынын "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" мыйзамын анализдөө
4. Корутундулар жана сунуштар

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**

**ТИРКЕМЕ**

## КЫСКАРТУУЛАР

БДИПЧ – Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюро

КР ЖК - Кыргыз Республикасынын жарандык кодекси

МСК – Мамлекеттик салык кызматы

ЖАК – Жабык акционердик коом

СЖУЖЭП – Саясий жана жарандык укуктар жөнүндө эл-аралык пакт

КР ЮМ - Кыргыз Республикасынын юстиция министрлиги

КЭУ – Коммерциялык эмес уюмдар

БӨУ– Бей-өкмөт уюм

УСК – Улуттук статистикалык комитет

ААК – Ачык акционердик коом

ЕКШУ – Европа коопсуздук жана шериктештик боюнча уюму

КБ – Коомдук бирикме

КЖК – Кошумча жоопкерчиликтүү коом

ЖЧК – Жоопкерчилиги чектелген коом

КФ – Коомдук фонд

ЮЖБ – Юридикалык жактардын бирикмеси

## КИРИШ СӨЗ

Бирикмелердин эркиндиги – бул жашоого зарыл болгон демократиянын иштеши үчүн адам укугу жана ошондой эле башка негизги эркиндиктерди ишке ашыруу үчүн негизги шарттар.[1] Коомдогу көптөгөн көйгөйлөрдү чечүүдө коммерциялык эмес уюмдар бирден-бир каражат болгондуктан, биригүү эркиндигине карата укукту ишке ашыруу коммерциялык эмес уюмдардын (мындан ары КЭУ) коомдук саясатта эффективдүү катышуусун камсыз кылат. КЭУ жергиликтүү деңгээлдеги социалдык көйгөйлөргө ыкчам реакция кылып, чечим кабыл алып жаткан тараптарга маалымдоо берип, мамлекеттик органдар тарабынан ишке ашкан мыйзамсыз иш аракеттерге көңүл буруу менен, терс таасирин тийгизүүчү саясатты өзгөртүүнү талап кыла алат. Ошону менен бирге күчтүү демократиялык мамлекеттин негизин түзгөн күчтүү жарандык коомду камсыздайт. Көпчүлүк КЭУ лар: ден-соолук, билим берүү системасы, социалдык камсыздоо, экология, жашоодо оор жагдайларда калган балдарды коргоо ж.б.у.с социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө карата багытталган. Биригүүгө болгон укук  толук жүзөгө ашырылуу үчүн мыйзам тарабынан дагы колдоого алынууну талап кылат. Кепилдиктердин ишке ашырылышы үчүн анын негизин  камсыз кылган мыйзамдарга эл-аралык милдеттемелерге карабастан  биригүү эркиндигин сактоо, коргоо жана ишке ашыруу үчүн мыйзамдардын аткарылышына көңүл буруу абзел.

Ошентип ар бирибизде башкалар менен биригүүгө карата укугубуз бар, мындай аныктамалар Кыргыз Республикасын кошулган көптөгөн эл-аралык келишимдерде камтылган, белгилей кетсек Адам укуктарынын жалпы декларациясы (22-берене),Балдардын укуктары жөнүндө конвенция(15-берене) ж.б.у.с. Натыйжада Кыргыз Республикасы жогоруда көрсөтүлгөн укукту кабыл алып, камсыздап, коргоо боюнча өзүнө белгилүү бир милдеттемелерди алды. Биригүүгө болгон укук “терс” укук болгондуктан мамлекет бул укуктун кимдир бирөө тарабынан ишке ашырылышына аралашпоого, тоскоолдуктарды жаратпоого милдеттүү.

Изилдөө төрт параграфтан түзүлүп, ыраатуу ачылган коммерциялык эмес уюмдардын уюштуруу-укуктук формаларынын түшүнүгү жана түрлөрүн, коммерциялык эмес уюмдарды каттоонун жана кайра каттоонун тартибин жана Кыргыз Республикасынын “Юридикалык жактарды филиалдарды(өкүлчүлүктөрдү)

[1] ЕКШУ/ДИАУБ жана Венециандык комиссия тарабынан 2005 жылы иштелип чыккан “Бирикмелердин эркиндиги боюнча жетектөөчү принциптер”.

мамлекеттик каттоо жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” мыйзамын анализдөөнү мындан сырткары, корутундуларды жана сунуштарды, колдонулган адабияттардын тизмесин, тиркемени өзүнө камтыйт.

**Изилдөөнүн максаты:** КЭУну каттоо иш-чараларын жакшыртууга жана биригүүгө болгон укукту ишке ашырууга таасир этүү.

Максатка жетүү үчүн кийинки **тапшырмалар** коюлду жана жеткирилди.

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коммерциялык эмес уюмдар тууралуу жалпы жоболорду кароо;
- КЭУ ну каттоодо мыйзамдагы тоскоолдуктарды анализдөө.

**Методикалык изилдөө ар кандай ыкмаларды колдонуу менен төмөнкүлөрдү камтыды:**

- Бөлмөдөгү изилдөө (КЭУ ну каттоо чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды анализдөө, бул тема боюнча ар кандай изилдөөлөрдүн отчетторун карап чыгуу);
- 2020-2021-жж. Бишкек ш., Ош, Ыссык-Көл жана Нарын областары боюнча каттодон өткөн КЭУ нун өкүлдөрүнөн сурамжылоолорду жүргүзүү (КЭУ нун өкүлдөрү дуушар болгон кыйынчылыктарды аныктоо).
- Статистикалык маалыматтарды жыйноо жана анализдөө (Канча арыз жазылган? Канчасы каттоодон өткөн? Каттоодон четтетилгендери канча?)

## 1. Коммерциялык эмес уюмдардын уюштуруу-укуктук формаларынын түшүнүгү жана түрлөрү

Кыргыз Республикасынын жарандык кодексинин 85-беренесине ылайык юридикалык жактардын эки түрү бар: коммерциялык уюмдар жана коммерциялык эмес уюмдар. Бул уюмдардын негизги айрымачылыктары - бул алардын ишмердүүлүгүнүн максатында, коммерциялык уюмдар (пайда табуу), коммерциялык эмес уюмдар (пайда табуу менен байланышпаган жалпыга пайдалуу максаттар), бирок мындан сырткары дагы бир катар айрымалануучу белгилер бар (№1 таблицаны карайбыз).

*№ 1 Таблица*

| Талаптар | Коммерциялык уюмдар | Коммерциялык эмес уюмдар |
|---|---|---|
| **Ишмердүүлүгүнүн негизги максаты** | Пайда табуу | Коомдук пайдалуу максаттарга жетүү |
| **Укуктук уюштуруу формасы** | ЖЧК, КЖК, ААК, ЖАК, Шериктештиктер ж.б | Бирикмелер, фонддор, ассоциациялар (бирликтер), мекемелер, саясий партиялар ж.б |
| **Жеке ишкердик менен алектенүү мүмкүнчүлүгү** | Уюштуруучуларынын ортосунда пайданы бөлүштүрүү менен камтылат. | Уюштуруучуларынын ортосунда пайданы бөлүштүрүүсүз уставдык максаттарга жетүү үчүн гана кездешет. |
| **Кайрымдуулукту кабыл алуу** | Жок | Бар |
| **Отчет берүү** | Мамлекеттик салык кызматы (МСК), Социалдык фонд, Улуттук статистикалык комитет (УСК) | МСК, Социалдык фонд, УСК + Жыл сайын 1-апрелге чейин МСК сайтында кирешелеринин булактары, чыгашалары, мүлктөрү тууралуу маалымат чыгаруусу милдеттүү (КБ, фонддор, ассоциациялар (бирликтер) жана мекемелер |

| | | |
|---|---|---|
| | | (мамлекеттик жана муниципалдыктардан сырткары)) |
| **Каттоо мөөнөтү** | Жумушчу үч күн аралыгында ( Каржы-кредиттик, эл-аралык жана чет элдик уюмдардан башкасы) | Он календардык күндүн ичинде (Саясий партиялардан башкасы) |

Коммерциялык эмес уюмдардын түшүнүгү Кыргыз Республикасында 1996-жылкы КРдин Жарандык кодексинин 85-беренесинде пайда болгон. Кийинчерээк КРдин "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" мыйзамы кабыл алынган ага ылайык Коммерциялык эмес уюм бул - кызыкчылыктардын жалпылыгынын негизинде руханий же башка материалдык эмес керектөөлөрдү өз мүчөлөрүнүн жана (же) бүткүл коомдун кызыкчылыгында жеке жана (же) юридикалык жактар тарабынан түзүлгөн, алар үчүн пайда табуу иштин негизги максаты болуп саналбаган, ал эми табылган пайда мүчөлөрдүн, уюштуруучулардын жана кызмат адамдарынын ортосунда бөлүштүрүлбөгөн ыктыярдуу өз алдынча башкарылуучу уюм.

КЭУ бир катар белгилерге ээ: аныкталган ички уюштуруу түзүм, юридикалык жана чарбалык обочолонгондук, пайда табуу иштин негизги максаты болуп саналбаган, ал эми табылган пайда мүчөлөрдүн, уюштуруучулардын жана кызмат адамдарынын ортосунда бөлүштүрүлбөгөндүк, эркин түрдөгү кайрымдуулуктарды жана башка каржылоо булактарын тартуу [2].

Коммерциялык эмес уюмдар бир канча түрлөргө бөлүнөт:

- мүчөлүктүн бар экенине жана жок экенине жараша: Мүчөлүк КЭУлар, мүчөлүккө ээ эмес КЭУлар;
- КЭУну уюштуруучуларга жараша: мамлекеттик жана жеке КЭУлар;
- Пайданы алуучу тараптарга жараша: Коомго пайда келтирүүчү КЭУлар жана өз ара пайда табуучу КЭУлар [3] .

Көпчүлүк учурда КЭУ ну бей өкмөт уюмдар деп атап келишет (БӨУ). БӨУ нун түшүнүгү эч бир мыйзамда камтылган эмес, бирок көпчүлүк учурда БӨУ гө төмөнкүлөрдү киргизишет: коомдук бирикмелер, коомдук фонддор, ассоциациялар.

[2] Д. А. Кондратьева, А.Ю. Фофанова/ Международный научный журнал «Символ Науки» №2/2016
[3] Некоммерческое право; (Учебное пособие) /Под общей редакцией Н.А. Идрисова – Бишкек: Т. Kirland, 2012 – 23 с

Эгерде  коммерциялык эмес уюмдар менен бей өкмөт уюмдардын айрымачылыктарын аныктай турган болсок, анда КЭУ жарандар , юридикалык жактар, мамлекет тарабынан түзүлөөүн белгилесек болот. Мамлекеттик жана муниципалдык органдар өзүлөрүнө тийиштүү функцияларды ишке ашырууда коомго пайда келтирүү максатында КЭУ ларды түзүсү мүмкүн, алар мамлекеттик/ муниципалдык мекеме формасында түзүлүп келет. Ал эми жарандар жана жеке уюмдаржогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн ар кандай формадагы жана ошол эле мекеме формасындагы КЭУларды түзө алышат. Жарандар жана жеке уюмдар жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн түзүлүп эч кандай бир мамлекеттик мекемелер менен байланышпаса, бийлик өкүлдөрүнө көз карандысыз болсо, алар өзүн өзү башкаруу принцибинин негизинде иш алып барышып бей өкмөт уюм деп аталышат (БӨУ).

КЭУ ну түзүүдө ар дайым алдын ала укуктук уюштуруу формасын аныктап алуу зарыл. Укуктук уюштуруу формасы – бул уюмдун башкаруу түзүмүн, милдеттемелер боюнча жоопкерчилигин, башкаруу органдарын, уюштуруу документтерин жана башка элементтерин аныктаган, мыйзамда камтылган уюштуруу ыкмасы жана анын ишмердүүлүктү алып баруусу. КР дин мыйзамдарында дээрлик он бешке жакын КЭУ лардын укуктук уюштуруу формалары аныкталган. Белгилесек: коомдук бирикмелер, коомдук фонддор, мекемелер, юридикалык жактардын бирикмелери, кооперативдер, жамааттар, диний уюмдар, саясий партиялар, жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелери, көп батирдүү үйлөрдөгү турак-жайлардын ээлеринин шериктештиги жана башкалар. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин коммерциялык эмес уюмдарды каттоонун жана кайра каттоонун саны боюнча электрондук маалымат базасында КЭУлардын жалпы саны 22 488ди түзөт.[4]

**Коомдук бирикме (КБ)** - руханий жана башка материалдык эмес керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн кызыкчылыктарынын жалпылыгынын негизинде бириккен жарандардын ыктыярдуу бирикмеси. **КБ** нын өзгөчөлүктөрү: мүчөлүк, уюштуруучулары болуп физикалык жактардын чыга алышы, башкаруу мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу менен жүргүзүлөт.[5]

**Коомдук фонд (КФ)** - ыктыярдуу мүлктүк салымдардын негизинде жана социалдык, кайрымдуулук, маданий, билим берүү же башка коомдук пайдалуу максаттарды

---

[4] Бул көрсөткүч расмий эмес жана авторлордун эсебинде негизделген https://register.minjust.gov.kg/register/SearchAction.seam?logic=and&cid=11814475

[5] 1999-жылдын 15-октябрындагы № 111 Кыргыз Республикасынын Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө мыйзамы

көздөгөн жеке жана (же) юридикалык жактар тарабынан уюштурулган мүчөлүгү жок уюм. Өзгөчөлүктөрүнө төмөнкүлөр кирет: мүчөлүк эмес уюм, юридикалык жана физикалык жактар тарабынан түзүлө алат, фондго берилген мүлк анын менчиги болуп эсептелинет, башкаруу КФнын уставы менен аныкталат.[6]

**Мекеме** - башкаруучулук, социалдык-маданий же коммерциялык эмес мүнөздөгү башка милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн менчик ээси тарабынан түзүлгөн жана толугу менен же жарым-жартылай ошол менчик ээси тарабынан каржылануучу уюм. Мекемелердин өзгөчөлүктөрүнө төмөндөгүлөр кирет: мамлекеттик жана жеке боло алат, менчик ээси тарабынан түзүлөт, мүлк ыкчам башкаруу укугунун негизинде бекитилип берилет, мүчөлүк уюм болуп саналбайт.[7]

**Юридикалык жактардын бирикмеси (Ассоциациялар жана бирликтери)** –
Келишимдин негизинде түзүлгөн КЭУ лар **ассоциациялар жана бирликтер** ишти координациялоо, ошондой эле жалпы кызыкчылыктарга өкүлчүлүк кылуу жана аларды коргоо максатында түзүлөт. ЮЖБ нын өзгөчөлүктөрунө: мүчөлүк, уюштуруучу катары юридикалык жактар гана чыга алгандыгы, уюштуруу документтерине устав жана уюштуруу келишими киргендиги, коммерциялык жана коммерциялык эмес болуп түзүлө алышы кирет.[8]

Кооперативдер - жеке жана юридикалык жактардын өздөрүнүн экономикалык жана башка керектөөлөрүн канааттандыруу максатында мүчөлүк негизде ыктыярдуу биригүүсү. Өзгөчөлүктөрү: мүчөлүк, уюштуруучулардын минималдык саны 7, коммерциялык эмес( айыл-чарба кооперативдери, дачалык кооперативдер, гораждык кооперативдер) жана коммерциялык уюмдар(айыл-чарба кооперативдери, каржылык кооперативдер), мүлктүн бир бөлүгү мүчөлүк үлүш төлөмү аркылуу түзүлөт.[9]

**Жамаат -** жергиликтүү маанидеги иштерди биргелешип жана жоопкерчилигин өз мойнуна алып чечүү үчүн бир көчөнүн, кварталдын жебашка аймактык түзүлүштөгү айылдын же шаардын аймагында жашап жаткан жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн ыктыярдуу бирикмесин билдирген жергиликтүү өзалдынча башкарууну уюштуруунун формасы. Жамааттын өзгөчөлүктөрүнө төмөнкүлөр кирет: мүчөлүк, уюштуучу болуп үй-чарбачылыгы катыша алат(бирдиктүү турак-жайда жашаган жана

[6] 1996-жылдын 8-майындагы №15 Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 162-беренеси

[7] 1996-жылдын 8-майындагы №15 Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 164-беренеси
[8] 1999-жылдын 15-октябрындагы № 111 Кыргыз Республикасынын Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө мыйзамы
[9] 2004-жылдын 11-июнундагы №70 Кыргыз Республикасынын “Кооперативдер жөнүндө” мыйзамы

жашоо үчүн баардык зарылчылыктар менен өзүн өзү касыз кылган адамдар), уюштуруучулардын минималдык саны 10, негизги уюштуруу документи - Устав.[10]

**Диний уюмдар -** Кыргыз Республикасында диний уюмдар деп биргелешип дин тутуу, кудайга табынуу, каадаларды жана аземдерди өткөрүү, диндик агартуу жана өзүлөрүнүн ишин улантуучуларды тарбиялоо максатында түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыктыярдуу бирикмелери (диний коомдор, борборлор, диний окуу жайлар, мечиттер, чиркөөлөр, синагогдор, табынуу үйлөрү, монастырлар ж.б.) таанылат. Диний уюмдардын өзгөчөлүктөрүнө төмөндөгүлөр кирет: физикалык жактар уюштуруучулары боло алышат, Кыргызстандын аймагында туруктуу жашаган эки жүздөн кем эмес жашы жеткен жактардын демилгеси боюнча түзүлөт, бирдиктүү дин туткан ондон кем эмес диний жамаат болсо, мында жок дегенде булардын бирөө Кыргыз Республикасынын аймагында кеминде он беш жылдан кем эмес өзүнүн иш-аракетин жүргүзсө диний бирикме түзүлөт, диний уюмдардын иш алып баруусу милдеттүү түрдө мамлекеттин дин иштери боюнча органында тизмеге алынышы керек.[11]

**Саясий партиялар** – бул калктын белгилүү бир бөлүгүнүн саясий эркин жүзөгө ашырууга көмөк берүүчү жалпы саясий максаттары жана милдеттери бар жана мамлекеттик иштерди башкарууга, өздөрүнүн өкүлдөрү аркылуу катышкан, Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыктыярдуу бирикмеси. СП нын өзгөчөлүктөрү: мүчөлүк, физикалык жактар гана түзө алышат, уюштуруучулардын минималдык саны 10, чет элдик мамлекеттер, партиялар, жарандар, юридикалык жактар тарабынан каржылана алышпайт, депутаттарды шайлоо жөнүндө мыйзамга ылайык шайлоо компаниялары мамлекеттик бюджеттен каржыланууга жол берилет. [12]

**Жумуш берүүчүлөрдүн бирикмеси** – бул мамлекеттик бийликтин органдары, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары жана кесиптик бирикмелер менен экономикалык мамилелер жана социалдык эмгектик мамилелер тармагында мыйзамдуу кызыкчылыктарды коргоо үчүн өкүлчүлүк кылуу максатында жумуш берүүчүлөрдүн (юридикалык жана(же болбосо) физикалык жактардын) мүчөлүгүнүн

[10] 2005-жылдын 21-февралындагы №36 Кыргыз Республикасынын “Жамааттар жөнүндө” мыйзамы
[11] 2008-жылдын 31-декабрындагы №282 Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” мыйзамы
[12] 1999-жылдын 12-июнундагы №50 Кыргыз Республикасынын “Саясий партиялар жөнүндө” мыйзамы

негизиндеги түзүлгөн коммерциялык эмес уюмдун формасы. Жумуш берүүчүлөрдүн бирикмеси мүчөлүк уюм, физикалык жана юридикалык жактар тарабынан түзүлө алат, уюштуруучулардын минималдык саны экиден кем эмес, уюштуруу документи - устав.[13]

Көп батирлүү үйдөгү турак жана турак эмес жайлардын менчик ээлеринин шериктиги (ТМЭШ) - көп батирлүү үйдөгү жалпы мүлктү (кыймылсыз мүлк комплексин) биргелешип башкаруу, ошол комплексти эксплуатациялоону камсыз кылуу, ээлик кылуу, пайдалануу жана мыйзамдарда белгиленген чектерде көп батирлүү үйдөгү жалпы мүлктү тескөө үчүн көп батирлүү үйдөгү турак жана турак эмес жайлардын менчик ээлери тарабынан түзүлүүчү коммерциялык эмес уюм. ТМЭШ тин өзгөчөлүктөрүнө төмөндөгүлөр кирет: мүчөлүк уюм, турак жай менчик ээлеринин шериктиги көп батирлүү үйлөрдөгү турак жана турак эмес жайлардын (менчик ээлери) менчик ээлери тарабынан уюштурулат, уюштуруу жөнүндө чечим турак жай ээлеринин 51 % кем эмес катышуучусу добуш берген учурда кабыл алынды деп эсептелинет, уюштуруучулардын минималдык саны 3, турак жайдын менчик ээси болгон каалоо көрсөткөндөр мүчөлөрү боло алышат, ТМЭШ тин мүчөлүгүнө ээ эмес менчик ээлери жалпы мүлктү карата бирдей жоопкерчиктүү, көп батирлүү бир үйдө эки же андан көп турак жай менчик ээлеринин шериктиктерин түзүүгө жол берилбейт.[14]

1999-жылдын 15-октябрындагы № 111 Кыргыз Республикасынын “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” мыйзамы КЭУнун төрт укуктук уюштуруу формасын гана жөнгө салат: коомдук бирикмелер, фонддор, мекемелер жана ассоциациялар. КЭУнун көпчүлүгү ушул көрсөтүлгөн формаларда түзүлүп келүүдө. КРдин ЮМ унунун маалыматына ылайык каттоолор, кайра каттоолор, ишмердүүлүктүн кыскарышын каттоолор төмөнкү көрсөткүчтү түзөт:

1. Коомдук бирикмелер – 11224
2. Коомдук фонддор – 8 136
3. мекемелер - 12604
4. юридикалык жактардын бирикмелери – 1287

---


[13] 2004-жылдын 22-майындагы №66 Кыргыз Республикасынын “Жумуш берүүчүлөрдүн бирикмеси жөнүндө” мыйзамы

[14] 2013-жылдын 9-июлундагы №122 Кыргыз Республикасынын “Көп батирлүү үйлөрдүн турак жана турак эмес жайларынын менчик ээлеринин шериктиктери жөнүндө” мыйзамы.

Ошол эле учурда жумуш берүүчүлөрдүн ишмердүүлугүн каттоолор, кайра каттоолор, ишмердүүлүктүн кыскарышын каттоолор экини гана түзөт, ал эми саясий партиялар 322.[15]

Ошентип КЭУлардын арасындагы сурамжылоолордун жыйынтыгы менен төмөнкү укуктук уюштуруу формаларынын үстөмдүгүн байкасак болот (№1 графикти карайбыз).

*График №1*




Төмөнкү №2 таблицада коомдук бирикмелердин, коомдук фонддордун, мекемелердин, ассоциациялардын ишмердүүлүк максаты, уюштуруучулары,башкаруу органдары, уюштуруучулардын жоопкерчиликтери, уюштуруу документтери ж.б.у.с суроолордогу өзгөчөлүктөрү ачык көрсөтүлгөн.

[15] Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлиги/Юридикалык жактандын филиалдардын жана өкүлчүлүктөрдүн электрондук базасы https://register.minjust.gov.kg/register/SearchAction.seam?logic=and&cid=11814475

*№2 Таблица*

| ***Өзгөчөлүктөрү*** | ***Коомдук бирикме*** | ***Фонд*** | ***Мекеме*** | ***Ассоциациялар(бирикмелер)*** |
|---|---|---|---|---|
| **Ишмердүүлүк максаты** | Бириккен жарандардын кызыкчылыктарын коргоо | Социалдык, кайрымдуулук жана башка коомдук пайдалуу программаларды каржылоо | Коммерциялык эмес максаттагы аныкталган бир кызматтарды көрсөтүү | Биргелешкен кызыкчылыктарды көрсөтүү үчүн партнердук биригүү |
| **Башкаруу органдары** | Уюштуруучулардын жалпы чогулушу. КЭУ жөнүндө мыйзам башка башкаруу органдарын аныктоого жол берет. | Уюштуруучулардын жалпы чогулушу же болбосо көзөмөлдөөчү кеңеш | Менчик ээси же ээлери | Ассоциация мүчолөрүнүн жалпы чогулушу |
| **Уюмдагы мүчөлүк** | Мүчөлүк уюм. (физикалык жактар гана) | Мүчөлүк жок | Мүчөлүк жок | Мүчөлүк уюм. (юридикалык жактар гана) |
| **Уюштуруучулар** | 3 кем эмес аракетке жөндөмдүү физикалык жактар (18 жаш) | Физикалык жак(тар) жана/же болбосо юридикалык жак(тар) | Физикалык жак(тар) жана/же болбосо юридикалык жак(тар) | 2 кем эмес юридикалык жактар уюштуруучулар ассоциациянын мүчөлөрү болуп |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Уючтуруучулар автоматтык түрдө мүчө болот. | | Мамлекеттик жана муниципалдык органдар | саналышат. |
| **Уюштуруучулардын жоопкерчиликтери, алардын КЭУнун мүлкүнө карата мамилеси** | Уюштуруучулары КЭУга берилген мүлккө эч кандай укуктук тиешеси жок. КЭУ нун милдеттемелери боюнча уюштуруучулар жоопкерчиликтүү эмес, ал эми КЭУ уюштуруучулардын милдеттемелери үчүн жоокерчиликтүү эмес. | КЭУ нун милдеттемелери боюнча уюштуруучулар жоопкерчиликтүү эмес, ал эми КЭУ уюштуруучулардын милдеттемелери үчүн жоокерчиликтүү эмес. | Менчик ээси толук түрдө мүлктү тескейт. Мекеменин карыздары боюнча менчик ээси субсидиардык жоопкерчиликке ээ. | Ассоциациянын мүчөлорүнүн карыздары боюнча жоопкерчиликтүү эмес. Ассоциация мүчөлөрү анын карыздары үчүн субсидиардык жоопкерчиктүү. |
| **Жеке ишкердик** | Уюм түзүлгөн максатка жетүү үчүн, ошол максаттын алкагында ишке ашуусу шарт. Ишкердик уставдык максаттарына төп келүүсү керек. Табылган пайда КЭУнун уставдык | | | КЭУнун жалпы эрежелери боюнча мүмкүн. Эгерде коммерциялык |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тапшырмаларын чечүүгө багытталып, катышуучулары, уюштуруучулары, мүчөлөрү арасында бөлүштүрүлбөөсү керек | | | уюм тарабынан түзүлгөн ассоциацияга өз алдынча ишкердик жүргүзүү тапшырылса, анда ал коммерциялык уюм болуп өзгөрүүсү милдеттүү |
| **КЭУнун ликвидацияланы шы** | Ликвидация жана реорганизац ия уюштуруучу лардын жалпы чогулушуну н чечими менен, же болбосо соттук тартипте ишке ашат | Ликвидация тууралуу чечимди кызыктар жактын арызы боюнча сот кабыл алат. Фонддорго кудуретсиздик (банкроттук) процедурасы колдонулат. | Менчик ээсинин чечими боюнча | Ликвидация жана реорганизация уюштуруучулар дын жалпы чогулушунун чечими менен, же болбосо соттук тартипте ишке ашат |
| **КЭУнун башка укуктук формасына кайра түзүлүү мүмкүнчүлүгү** | уруксат | уруксат эмес | уруксат | уруксат |
| **Коммерциялык** | | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **уюмга кайра түзүлүү мүмкүнчүлүгү** | уруксат эмес | уруксат эмес | уруксат эмес | уруксат |
| **Уюштуруу документтери** | устав | устав | устав | устав жана уюштуруу келишими |

## 2. Коммерциялык эмес уюмдарды каттоонун жана кайра каттоонун тартиби

Коммерциялык эмес уюмдарды каттоонун жана кайра каттоонун тартиби Кыргыз Республикасынын “Юридикалык жактарды, филиалдарды(өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө” мыйзамына ылайык юридикалык жактарды каттоо 4 максатты көздөйт:

1. юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) түзүүнү, мамлекеттик реестрге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү, ошондой эле юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) иш-аракетин токтотуу фактысын күбөлөндүрүү;

2. катталган (кайра катталган) жана иш-аракети токтотулган юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) эсепке алуу;

3. мамлекеттик реестрди алып баруу;

4. катталган (кайра катталган) жана иш-аракети токтотулган юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр) жөнүндө маалыматтарды кызыкдар жеке жана юридикалык жактарга берүү.

Юридикалык жактарды, филиалдарды(өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо процедурасы бир канча этаптан өтөт. Биз шартту түрдө аларды 6 этапка бөлдүк: 1) юридикалык жакты каттоонун алдында анын түрүн аныктоо зарыл(коммерциялыкпы же коммерциялык эмеспи); 2) укуктук уюштуруу формасын тандоо зарыл; 3) юридикалык жактын фирмалык аталышын аныктоо; 4) Зарыл документтерди даярдап каттоочу органга берүү; 5) катталуу 6) банктан эсеп ачуу жана уюмдун мөөрүн буйрутма кылуу. Бул бөлүмдө биз комерциялык эмес уюмдарды каттоо тартибин аныктайбыз.

Коммерциялык эмес уюмдарды каттоо Кыргыз Республикасынын “Юридикалык жактарды, филиалдарды(өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө” мыйзамына ылайык жалпы тартип боюнча жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) каттоочу орган тарабынан "бирдиктүү терезе" принциби боюнча жүзөгө ашырылат."Бирдиктүү терезе" принциби өзүндө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- каттоочу орган тарабынан мамлекеттик каттоону (кайра каттоону) салык, статистика жана Социалдык фонд органдарында каттоого алуу жана эсепке коюу менен бир учурда ишке ашырууну;

- каттоо номерин, идентификациялык салык номерин (мындан ары ИСН) жана ишканалар менен уюмдардын жалпы республикалык классификаторунун (мындан ары - ИУЖК) кодун ыйгаруу менен, каттоочу орган тарабынан мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү берүүнү.

"Бирдиктүү терезе" принциби боюнча мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндөн кийин салык, статистика, Социалдык фонд органдарында кошумча каттоо жана эсепке коюу талап кылынбайт.[16]

Коммерциялык/коммерциялык эмес уюмдардын айрымачылыктары жана КЭУлардын укуктук уюштуруу формаларынын түрлөрү бул изилдөөнүн экинчи бөлүмүндө каралды. Укуктук уюштуруу формасын аныктаган соң уюмдун аталышын аныктоо керек, аталыш фирмалык аталыш болуп эсептелет жана ага карата мыйзамда каралган талаптар бар.

Фирмалык аталыш — бул юридикалык жакты башка уюмдардан айрымалап турган жана юридикалык жак аны менен өзүнүн ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырган туруктуу толук же болбосо кыскартылган юридикалык жактын аталышы. Юридикалык жакка жекелештирүү үчүн өзүнүн фирмалык аталышын колдонууга артыкчылыктуу укук аны мамлекеттик каттодон өткөргөн учурдан тартып тийиштүү. Юридикалык жактарды бирдиктүү мамлекеттик каттоо реестрине киргизилген Башка юридикалык жактардын фирмалык аталышына окшош фирмалык аталышты колдонууга жол берилбейт.

Фирмалык аталыш укуктук уюштуруу формасынан жана кошумча ишмердүүлуктүн мүнөздөлүшүнөн түзүлүүсү шарт. Мисалы: “Билимкана” коомдук фонду. Фирмалык аталыш мамлекеттик жана расмий тилде болушу керек. Документтерди камдоонун алдында алдын-ала аныкталган аталышта уюм бар же жок экендигин аныктап алуу туура. Эгерде сиз тандаган аталыш буга чейин катталган болсо, анда жаңы аталыш аныктоо зарыл, анткени каттоочу орган каттоодон баш тартуусу толук ыктымал. Фирмалык аталышты алдын-ала текшерүү КР ЮМ аймактык

[16] Создание некоммерческих организаций в Кыргызской Республике / Авт.-сост. Н. Идрисов. – Бишкек: 2011. С 17

бөлүмүнөн текшерүү мүмкүн, алдын-ала текшерүү үчүн кабыл алуулар иш күндөрү саат 14.00 дон 17.00 го чейин жүргүзүлөт.[17]

Кийинки этап – бул зарыл документтерди камдоо. Кыргыз Республикасынын Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзамынын 11-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык КЭУну каттодо кийинки документтер талап кылынат:

- каттоочу орган бекиткен форма боюнча каттоо арызын;

- коммерциялык эмес уюмду түзүү, коммерциялык эмес уюмдун уставын бекитүү жана башкаруу органдарын түзүү жөнүндө чечимди;

- коммерциялык эмес уюмдун жетекчисинин колтамгасы коюлган эки нускадагы уставды;

- коммерциялык эмес уюмдун жетектөөчү органынын мүчөлөрүнүн фамилиясы, аты-жөнү, туулган жылы, шайланган кызматы көрсөтүлгөн тизмесин;

- коммерциялык эмес уюмду түзүүчү уюштуруучулардын фамилиясы, аты-жөнү, туулган жылы жана дареги көрсөтүлгөн тизмесин.


Бирок  жогоруда көрсөтүлгөн беренеде коммерциялык уюмдарды каттоо үчүн кийинки документтер талап кылынат:каттоочу орган бекиткен форма боюнча толтурулган каттоо арызы,юридикалык жакты түзүү жөнүндө уюштуруучунун (уюштуруучулардын) чечими жана башка документтер.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзамынын 6-беренесине ылайыккоммерциялык уюмдар уюштуруу документтерин тапшырууга милдеттүү эмес. Мындай айрымачылыктар демократиялык өлкөлөрдө калыптанган коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарды бирдей жөнгө салуу принцибин аныктаган 2015-жылы ЕКШУ/ДИАУБ жана Венециандык комиссия тарабынан 2005 жылы иштелип чыккан “Бирикмелердин эркиндиги боюнча жетектөөчү принциптердин”.бешинчисине каршы келет. Мындан сырткары бул талап каттоону жүргүзүүнүн максаттарына ылайык келбейт (коттоонун максаттарын буга чейинки маалыматтан карасаңыз болот). Устав – бул уюмдун ишмердүүлүгүнүн тартибин аныктаган ички документ. Жалпысынан КЭУну каттоо, же кайра каттоо үчүн документтердин катарына киргизүү бул чектөө болуп саналат, анткени каттоочу орган КЭУнун уставы мамлекет үчүн

[17] Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлиги/документтерди кабыл алуу/ электрондук ресурс: http://minjust.gov.kg/ru/section/view/id/249

ыңгайлуулукту камтыганга чейин каттоодон баш тартуу менен КЭУлардын ишмердүүлүгун контролдоону ишке ашырууда. Такталган маалыматтарга ылайык коммерциялык эмес уюмду каттоолор узак убакытты талап кылат, көпчүлүк учурда КЭУларды каттоо үчүн мыйзамда каралган мөөнөттөр сакталбайт (№2 графикти карайбыз).

*График №2*




Устав – бул КЭУнун ишмердүүлүгүнүн тартибин жана уюштурулушун жөнгө салуучу эрежелердин жыйындысы. КЭУ нун уставынын талаптары жеке уюмдун өзү үчүн, анын уюштуруучулары, мүчөлөрү (мүчөлүк уюмдарга), кызмат адамдары жана жетектөөчү органдары үчүн. Уставда кийинки маалыматтар жазылуусу керек:

- уюмдун аталышы жана кыскартылган аталышы, юридикалык дареги;
- ишмердүүлүгүнүн предмети жана максаты, ишмердүүлүгүн башкаруунун тартиби;
- башкаруу жана көзөмөлдөө органдары, ревизиондук органдар, алардын ыйгарым укуктары, шайлоо тартиби, чакыртып алуу жана кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери;
- укуктар жана милдеттер, уюмдун мүчөлүгүнө кабыл алуунун жана андан чыгуунун шарттары жана тартиби(мүчөлүк уюмдар үчүн);
- уюштуруу документтерине өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби, реарганизациялоо жана ликвидациялоонун тартиби;
- ликвидация болгон учурда мүлктү бөлуштүрүүнүн тартиби;
- фонддор жана мекемелер үчүн – эгерде чектелген болсо пайда алуучулар;
- эгерде каралган болсо уюмдун ишмердүүлугүнүн мөөнөтү.

Устав эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген дагы башка жоболорду камтышы мүмкүн.[18]

Коммерциялык эмес уюмдун уюштуруучусу жеке жактар болгон учурда, уюштуруучулардын тизмесинде уюштуруучулардын фамилиясы, аты-жөнү, туулган жылы жана дареги көрсөтүлөт. Тизмеге уюштуруучулар кол коет, уюштуруучулардын колтамгасы нотариалдык формада күбөлөндүрүлөт.

Коммерциялык эмес уюмдун уюштуруучусу юридикалык жак болгон учурда, уюштуруучулар тизмесинде ар бир юридикалык жактын аталышы жана каттоо (кайра каттоо) датасы көрсөтүлөт. Жогоруда көрсөтүлгөн тизмеде юридикалык жактын жетекчисинин колтамгасы юридикалык жактын мөөрү менен ырасталат же болбосо нотариалдык формада күбөлөндүрүлөт.

Каттоо арызынын формасын КР ЮМ дан алуу мүмкүн же болбосо КР МЮ нун расмий сайтынан көчүрүүгө болот.[19]

Коммерциялык эмес уюмду түзүү жөнүндө чечим чогулушта КЭУну түзүү жөнүндө чечимди, уставды бекитүү жөнүндө, КЭУну башкаруу органдарын түзүү жөнүндө маалыматтарды камтышы керек. Чечимге төрага жана чогулуштун катчысы тарабынан кол коюлуп жана алардын коюлган колу нотариус тарабынан күбөлөндүрүлөт.

Каттоо жөнүндө арыз баардык зарыл документтер менен бирге арыз жазуучу тарабынан каттоочу органга берилет. Арызды уюштуруучулар, аткаруу органынын жетекчиси же болбосо КЭУнун жетекчиси, ишеним каттын негизинде КЭУнун кызыкчылыгын коргогон адам бере алат. КЭУну каттоо КР ЮМ нын аймактык бөлүмүнөн иш күндөрү саат 9:30 дан 14:00 го чейин жүрөт.[20] Каттоо жөнүндө арыз каттоо органы тарабынан каттоо үчүн баардык талап кылынган документтер болгон учурда кабыл алынат. Арыз кабыл алынган соң каттоочу орган арыз берүүчүгө документтер КЭУну каттоо үчүн кабыл алынгандыгы тууралуу жазуу жүзүндөгү маалымдама берет. Андан соң каттоочу орган уюмду каттайт же болбосо каттоодон

---

[18] 1999-жылдын 15-октябрындагы № 111 Кыргыз Республикасынын Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө мыйзамынын 10-беренеси

[19] Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлиги/документтерди кабыл алуу/ электрондук ресурс: http://minjust.gov.kg/upload/files/2018-08-03/bfa21b30ee877924f8d1b9bff38ab28e.pdf

[20] Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлиги/документтерди кабыл алуу/ электрондук ресурс: http://minjust.gov.kg/ru/section/view/id/249

баш тартат. Коммерциялык эмес уюмдарды каттоодон баш тартуу кийинки шарттар болгон учурда мүмкүн:

1. юридикалык жакты, филиалды (өкүлчүлүктү) каттоо үчүн ушул Мыйзамда белгиленген тиешелүү документтер тапшырылбаганда;

2. мамлекеттик реестрде ушундай эле аталышта катталган (кайра катталган) юридикалык жак, филиал (өкүлчүлүк) бар болгондо;

3. тапшырылган документтерде камтылган маалыматтарда так эместиктер же дал келбестиктер табылганда;

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келбегенде;

5. чечимде мыйзамда каралган маалыматтар жок болгондо;

КЭУнун түзүлүшү максатка ылайыксыз деген жүйөлөр менен аларды каттоодон баш тартууга жол берилбейт.

Каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим мыйзамдын нормасына милдеттүү түрдө шилтеме берүү менен, баш тартуунун негиздерин камтууга тийиш. Каттоодон баш тартууга негиз болгон себептерди четтеткенден кийин арыз ээси каттоочу органга кайрадан кайрыла алат, же болбосо каттоодон баш тартуунун негизи менен макул болбогон учурда сотко кайрылууга укуктуу. Коммерциялык жана коммерциялык эмес юридикалык жактарды каттодон баш тартуунун негиздеринде дагы айрымачылыктар бар. Коммерциялык уюмдар үчүн каттоодон баш тартуунун негиздеринде берилген документтердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келбеген учуру үчун баш тартуу негиз катары каралган эмес. Бул негиз коммерциялык эмес юридикалык жактарды каттоодогу ашыкча негиз, Кыргыз Республикасынын "Юридикалык жактарды, филиалдарды(өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" мыйзамынын 10-беренесинин 10 пунктунда эгерде уставдын мазмуну Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келсе уюштуруучулардын жоопкерчилиги каралган. Ал эми Кыргыз Республикасынын "Ченемдик укуктук актылар жөнүндө" мыйзамына ылайык иерархия боюнча мыйзам актыларынын юридикалык күчү мыйзам алдындагы актыларга ага кашумча локалдык актыларга караганда жогору кучкө ээ. Ошондуктан уставдын жоболору мыйзамга каршы келсе мыйзам жоболору колдонулууга тийиш. Маалымат топтоодо маалымдоочулар КЭУну каттоо документтердеги анын ичинде уставдагы мүчүлүштүктөрдөн улам кыйынчылыктарга учуроо менен узакка созулаарын белгилеп келишет.

*“Дал ушул КЭУларды каттодо каттоочу орган мыйзамда каралган 10 күндүк мөөнөттөн узагыраак созулат, анткени устав аябагандай көңүл буруу менен изилденип чыгат. Бул ар дайым ушундай болуп келген”.*

2022-жылдын 31-майында КР ЮМ га 2019,2020, 2021-жж. үчүн коммерциялык жана коммерциялык эмес юридикалык жактарды каттоодогу баш тартууларга карата өтүнүч жиберилип аларды аныктап салыштырууну максат кылдык.

Биздин өтүнүчүбүз боюнча 16- июнда маалымат берилди. Маалыматта өтүнүч Чуй-Бишкек юстиция башкармалыгына тийиштүүлүгү боюнча багытталганы белгиленип жооптуу кызматкерге аткаруу үчүн тапшырылганы айтылган. Бирок көп ирет кайрылып аракет кылганыбызга карабастан жооп (2022-жылдын 6-августуна карата) алынган жок.

Эгерде текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча тапшырылга документтерде баш тартууга негиз болбосо каттоочу орган коммерциялык эмес юридикалык жакты каттап ага юридикалык жакты мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк берет. Мамлекеттик каттоо үчүн төлөм 507 сомду түзөт анын 407 сому кызмат үчүн жана 100 сому каттоо иш-аракеттери үчүн чогултуу болуп саналат(изилдөө учурунда).[21] Мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктү алгандан кийин уюмдун мөөрүн буйрутма кылып, банктан эсеп ачуу кажет.

Коммерциялык уюмдарды жана коммерциялык эмес уюмдарды каттоонун мөөнөттөрү дагы айрымачылыктарга ээ. Коммерциялык эмес уюмдар үчүн каттоо мөөнөтү 10 календардык күндү түзөт ( саясий партиялар үчүн 30 күн), ал эми Коммерциялык уюмдар үчүн бул мөөнөт 3 жумуш күнүн түзөт. Аныкталгандай бул суроо боюнча дагы коммерциялык уюмдарды жана коммерциялык эмес уюмдарды бирдей жөнгө салуу принциби бузулган.

*“Каттону маалымдоо иретинде гана кылып каттоочу орган 3 сааттын ичинде 3 күндөн кечиктирбестен каттоого милдеттүү кылуу зарыл”. Маалымдоо боюнча мамлекеттик орган 3 күндүк мөөнөттө каттабаса бей өкмөт уюмду каттады деп эсептөө керек. “КЭУ ларды каттоонун азыркы абалы – бул авторитардык тоталитардык өткөөл учуру. Уставдагы жоболор, анын укук орнотуучу жоболору ж.б бул уюштуруучунун маселеси, ал ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга тиешеси*

[21] Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлиги/документтерди кабыл алуу/ электрондук ресурс: http://minjust.gov.kg/ru/content/995

*жок”(Сунуш сурамжылоонун негизинде маалымат берген жак тарабынан сунушталды).*

Эгерде коммерциялык эмес уюм ишмердүүлүк кылуу учурунда төмөнкү көрсөтулгөн негиздердин бирөөсү гана келип чыкса, анда КЭУ 30 календардык күндун аралыгында каттоочу органга кайра катталуу үчүн тийиштүү документтердин топтому менен кайрылууга милдеттүү, Кыргыз Республикасынын “Юридикалык жактарды филиалдарды(өкүлчулүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө” мыйзамына ылайык КЭУ ну кайра каттоонун негизи болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

1) өзгөртүп түзүү, бөлүнүп чыгуу, биригүү формасындагы кайра түзүүдө;

- уставдык капиталдын жана пайлык фондунун өлчөмү өзгөргөндө;

2) аталышы өзгөргөндө;

3) уюштуруу документтерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү же болбосо уюштуруу документтерин жаңы редакцияда бекитүү (түзүү) (финансы-кредиттик мекемелер жана коммерциялык эмес уюмдар үчүн);

4) коомдук фонддордун, мекемелердин уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) курамы өзгөргөндө;

5) КЭУнун жайгашкан жери өзгөргөндө (бир облустан экинчи облуска, же болбосо облустан Бишкек (Ош) шаарына жана тескерисинче);

6) юридикалык жактын органы же сот тарабынан аны кайра каттоо жөнүндө чечим кабыл алынганда.

КЭУ кайра каттоо процедурасы каттоо процедурасына окшош. Кыргыз Республикасынын “Юридикалык жактарды филиалдарды(өкүлчулүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө” мыйзамынын 12-беренесинин 3- бөлүгүнө ылайык мамлекеттик кайра каттоодо КЭУ нун арыз берүүчүсү каттоочу органга кийинки документтерди берүүсү зарыл:

1) каттоочу орган бекиткен форма боюнча толтурулган каттоо арызын;

2) КЭУну мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө чечимди;

3) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн түп нускасын;

4)мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктө ИНН көрсөтүлбөгөн учурда, салык төлөөчүнүн каттоо карточкасынын көчүрмөсү же ал жоголгон (бузулган) учурда кайра катталып жаткан юридикалык жактын ИННи көрсөтүлгөн салык органын маалым катын;

5) уюштуруу документтеринин түп нускасын;

6) жаңы редакциядагы же болбосо киргизилген өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен уюштуруу документтерин эки нускада.

Кайра каттоонун мөөнөтү каттоо учурундагы сыяктуу эле документтерди кайра каттоо үчүн тапшырган учурдан тартып 10 календардык күндү түзөт. КЭУну кайра каттоо үчүн төлөмдүн көлөмү каттоо үчүн аныкталган көлөмдү түзөт. Кайра каттоо процедурасы аяктаган соң Коммерциялык эмес уюмду кайра каттоо күбөлүгү берилет.

## 3. Кыргыз Республикасынын “Юридикалык жактарды филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” мыйзамын анализдөө

«Ар бир адам биригүү эркиндигине укуктуу.», деп Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 36-беренесинде айтылган. Ушундай эле аныктама Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 20-беренесинде камтылган. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл-аралык пакттын 22-беренесине ылайык ассоциация эркиндигине карата ар бирибиздин укугубуз бар, мындай укук демократиялык коомдо мамлекеттин кызыкчылыгы же болбосо коомдук коопсуздук, коомдук тартип, элдин ден-соолугун жана ыйманын же башка жактардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн гана чектелиши мүмкүн. СЖУЖЭП нын 22-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык Эмгек эл-аралык уюмунун конвенциясына катыштыгы бар мамлекеттер(Кыргызстан катыштыгы бар өлкө болуп саналат) ассоциация эркиндигине байланыштуу жана аны уюштуруу укугуна байланыштуу кепилдиктерге терс таасирин тийгизген жоболорду кабыл албоосу милдеттендирилген. Кыргыз Республикасында коммерциялык эмес уюмдардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу негизги ченемдик укуктук акт бул Кыргыз Республикасынын “Юридикалык жактарды филиалдарды(өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” мыйзамдары эсептелет. Бул мыйзамдардын *“биригүү эркиндигине” карата укукту ишке ашырууда мыйзамдык тоскоолдуктарды жараткан кээ бир беренелерин карап көрөлү.*

### Кыргыз Республикасынын “Юридикалык жактарды филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө” мыйзамы (мындан ары мыйзам).

Мыйзамдын 6-беренесинин 8-пунктуна ылайык финансы-кредиттик мекемелердин жана башка мекемелердин, коммерциялык эмес уюмдардын жана чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) уюштуруу документтерин кошпогондо, устав, уюштуруу келишими жана жобо каттоочу органга тапшырылууга жатпайт. Ошондо баардык коммерциялык эмес уюмдар коммерциялык уюмдардан айрымаланып уюштуруу документтерин тапшыруулары керек. Ал эми мыйзамдын 11-беренесинин 4-пункту уставдын эки нускада тапшырылышын талап кылат, ушул эле берененин 5-пункту каттоочу органды тапшырылган документтердин мыйзамдарга ылайык келүүсүн текшерүүнү милдеттендирет. Бул текшерүү каржы-кредиттик

мекемелерге жана коммерциялык эмес уюмдарга гана карата жүргүзүлөт. Мыйзамдын 21-беренесинин 2-бөлүмүнө ылайык каржы-кредиттик мекемелерди жана коммерциялык эмес уюмдарды, чет элдик жана эл-аралык уюмдарды каттоодон баш тартуунун бирден-бир негизи алар тапшырган документтердин мазмуну мыйзамдарга ылайык келбегендик саналат. Биз көрүп тургандай бул коммерциялык уюмдарга тийиштүү эмес, бирок ошол эле учурда бул негизге баардык коммерциялык эмес уюмдар туш болуп жатат.

Мыйзамдын 3-беренесине ылайык юридикалык жактар төмөнкү максаттарда каттодон өтүшөт:

1. юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) түзүүнү, мамлекеттик реестрге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү, ошондой эле юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) иш-аракетин токтотуу фактысын күбөлөндүрүү;

2. катталган (кайра катталган) жана иш-аракети токтотулган юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) эсепке алуу;

3. мамлекеттик реестрди алып баруу;

4. катталган (кайра катталган) жана иш-аракети токтотулган юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр) жөнүндө маалыматтарды кызыкдар жеке жана юридикалык жактарга берүү.

Баардык коммерциялык эмес уюмдардан уюштуруу документтерди талап кылуу юридикалык жактарды каттоонун максатына ылайык келбейт. Каттоо юридикалык жактарды эсепке алуу үчүн жүргүзүлөт, ал эми устав уюмдун ички уюштурулушуна тийиштүү болуп анын ишмердүүлүгүнүн тартибин аныктайт. Каттоочу орган каттоодо уставды талап кылып, уставдын жоболоруна шилтеме жасоо менен каттоонун мөөнөтүн созуу менен иш аракет кылганы каттоочу органдын өз ыйгарым укуктарын аша-чапкандыгы. Коммерциялык эмес уюм ишмердүүлүк алып баруусунун тартибин жана ички уюштурулушун өз алдынча аныктайт, мамлекет бул суроолорго кийлигишүүгө укугу жок. Мыйзамдын 6-беренесинин 10-пунктуна ылайык эгерде юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) уюштуруу документтеринин мазмуну мыйзамдарга ылайык келбесе, уюштуруучу (катышуучу) алардын милдеттенмелери боюнча жооп берет. Уюштуруу документтеринин мазмуну мыйзамдардын нормаларына карама-каршы келген учурда мыйзамдардын нормалары колдонулат.

Уюштуруу документтеринин мазмунун мыйзамга ылайык келүүсүн каттоо алдындагы текшерүү бул ашыкча.

Жогоруда көрсөтулгөн ченемдер Кыргыз Республикасынын 36-беренесинде көрсөтүлгөн кепилдик биригүү эркиндигине карата болгон укукту ишке ашырууда маанилүү тоскоолдуктарды жаратат. Мындан сырткары 2015-жылы ЕКШУ/ДИАУБ жана Венециандык комиссия тарабынан иштелип чыккан “Бирикмелердин эркиндиги боюнча жетектөөчү принциптедин бешинчисине каршы келет. ЕКШУ/ДИАУБ жана Венециандык комиссия тарабынан иштелип чыккан Демократиялык өлкөлөрдө калыптанган коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарды бирдей жөнгө салуу принцибин аныктаган 5-Принцип биригүүлөргө карата мыйзамдык жөнгө салууну жана жалпы саясатты бирдей мамиле жасоону, кандайдыр бир белгилер боюнча кимдир бирөөлөрдүн биригүүгө болгон укугун дискриминация кылуудан алыс болууну, анын ичинде юридикалык жактарды каттоодо дагы жогоруда көрсөтүлгөн жол жобону көзөмөл кылууга үндөйт. Бизге ачык болгондой бул принциптер бузулуп жатат, анткени коммерциялык уюмдарга мындай талаптар коюлган эмес.

**Сунуш:**

мыйзамдын 6-беренесинин 8-пунктундагы жана 11-беренесинин 4-пунктундагы коммерциялык эмес уюмдардан уюштуруу документтерин тапшыруу жөнүндө талапты кыскартууну сунуштайбыз;

мыйзамдын 11-беренесинин 5-пунктунда көрсөтүлгөн коммерциялык эмес уюмдардын уюштуруу документтерин текшерүү милдетин кыскартууну сунуштайбыз, жана баш тартуунун негиздеринен “берилген документтеринин мазмуну Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келбейт (21-берененин 2-бөлүгү)” деген негизди жокко чыгарууну сунуштайбыз. Жогорудагылардын баардыгы коммерциялык эмес уюмдарды кайра каттоодо дагы талап кылынгандыктан (мыйзамдын 12-беренесинин 1,3 жана 8 бөлүгү; 15-беренесинин 3-бөлүгү) көрсөтүлгөн талаптарды кыскартуунун сунуштайбыз.

**Кыргыз Республикасынын “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” мыйзамы(мындан ары мыйзам)**

Мыйзамдын 17-беренесинин 3-бөлүгүнө көңүл бурсак коммерциялык эмес уюмдарды кошумча финансылык отчет менен жүктөгөн. Бирок коммерциялык эмес уюмдар он бешке жакын укуктук уюштуруусу боюнча түзүлө алышына карабастан өзгөрүүлөр төрт гана укуктук уюштуруу формасына тиешелүү, аларга коомдук бирикмелер, фонддор, мекемелер (мамлекеттик жана муниципалдыктардан сырткары)

жана ассоциациялар. Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин кирбегени дагы тынчсызданууга алып барат. Мамлекеттик органдарга чет элдик грантардын көпчүлүк бөлүгү келип жатканына карабастан жалгыз гана себеп болуп жогоруда көрсөтүлгөн коммерциялык эмес уюмдарды чет элдик каржылоо айтылган. Мындан сырткары бул ченем бирикмелерге (коммерциялык эмес уюмдарга) башка юридикалык жактарга(мисалы коммерциялык уюмдарга) коюлбаган талаптарды койбоону орноткон ЕКШУ/ДИАУБ жана Венециандык комиссия тарабынан иштелип чыккан "Бирикмелердин эркиндиги боюнча жетектөөчү принциптедин 225 пунктуна каршы келет. Кээ бир өлкөлөрдө КЭУлардын финансылык отчетуна байланыштуу маалыматтарды талап кылуу каралган бирок өзгөчө учур болсо, мисалы салыктык бошотуулар(кайрымдуулук фонддорго) же болбосо уюм мамлекеттик бюджеттен каржылоо алган учурларда.

Мыйзамдын 18-беренесинин биринчи абзацына ылайык коомдук бирикмелер алар максат кылуу менен уюштурулган чарбалык анын ичинде өндүрүштүк ишмердүүлүк менен алектенүүгө укуктуу. Бул ченем коомдук бирикмелер үчүн ишкердик жүргүзүүгө карата болгон укугун чектейт. Коомдук бирикмелерден айрымаланып фонддор жана мекемелер алардын максаттарына жана тапшырмаларына каршы келбеген ишкердиктин баардык түрлөрү менен алектенүүгө укуктуу. Эгерде коомдук бирикмелер алардын максатына гана туура келген ишмердүүлүк менен алектене алса, ал анын максатына каршы келбеген башка ишмердүүлүктөр менен иштөө укугунан ажыратылат.

**Сунуш:**

Мыйзамдын 17-беренесинин 3 –бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү менен төмөндөгүдөй түзүүнү сунуштайбыз:

*«Кайрымдуулук статусу бар уюм же болбосо мамлекеттик бюджеттен акчалай же материалдык каржылангандыгы үчүн ишмердүүлүк кылган Коммерциялык эмес уюм жыл сайын 1-апрелге чейин ыйгарым укуктуу салык органынын сайтында өткөн жыл үчүн акча каражаттарынын булактары жөнүндө, аларды коротуу багыттары жөнүндө, мындан сырткары ээлик кылынган, колдонулуп жаткан жана башкага берилген мүлктөрү жөнүндө маалымат чыгарышат».*

Мындан сырткары мыйзамдын 18-беренесинин биринчи абзацын кийинки редакцияда сунуштайбыз:

*«Коомдук бирикмелер алар жетүү үчүн түзүлгөн максаттарына каршы келбеген чарбалык ишмердүүлүк анын ичинде өндүрүштүк ишмердүүлүк кылууга укуктуу».*

## 4. Корутундулар жана сунуштар.

1. Коммерциялык эмес уюмду мамлекеттик каттоо түзүү фактысын орнотуу, салык жана статистика органдарында эсепке алуу, кызыктар физикалык жана юридикалык жактарга маалымат берүү үчүн юридикалык жактарды мамлекеттик реестрге киргизүү максаттарында ишке ашырылат.

Изилдөө көрсөткөндөй коммерциялык эмес уюмду каттоо жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга туура келбейт мисалы: КЭУну уюштуруу документтерин тапшыруу жөнүндө талап, документтерде камтылган маалыматтардын мыйзамга төп келүүсүн текшерүү. Бул учурларда каттоочу орган каттоонун максаттарынан чыгып өз ыйгарым укуктарын ашыкчасы менен колдонуп жатат. Дал ушул көрсөтүлгөн негиздер КЭУ ларды түзүүдө маанилүү тоскоолдуктарды жаратып каттоо убактысы созулуп кошумча бюрократияга алып барып жатат. Каттоочу орган биз тараптан келтирилген 2019, 2020 жана 2021-жж. үчүн катталган жана баш тартылган арыздардын саны тууралуу өтүнүчкө жооп бере алган жок. Биздин сурообузга ЮМ да андай маалымат жок экендигин кабарлашты. Каттоонун максаттарынын бири жарандарга маалымат берүү экенин эске алсак бул жакта дагы максатка ылайык иш алып баруу жок экенин белгилесек болот.

2. Азыркы учурдагы күчүнө ээ мамлекеттик саясат баардык демократиялык өлкөлөрдөгү камтылган коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарды тең укуктук жөнгө салуу принцибин бузууда. Мисалы мөөнөттөр тууралуу айтсак коммерциялык уюмдар 3 иш күнүндө катталат, ошол эле учурда коммерциялык эмес уюмдар 10 календардык күн каттоодон өтүшөт. Коммерциялык уюмдар каттоо учурунда уюштуруу документтерин тапшырууга милдеттүү эмес, ал эми коммерциялык эмес уюмдар үчүн мындай милдет таасирдүү. Коммерциялык уюмдар үчүн тапшырылган документтерде мыйзамга ылайык келбеген маалыматтар бар болсо каттоодон баш тартуу негиз катары каралган эмес, бирок коммерциялык эмес уюмдар үчүн мындай негиз орнотулган. Мындан сырткары коммерциялык эмес уюмдарды (КФ,ЮЖБ,КФ жана мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерден башка мекемелер) коммерциялык уюмдардан айрымалантып кошумча финансылык отчет тапшыртуу менен жүктөп коюшту.

Сунуштар:

1. Жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актылардын анализи боюнча КЭУлардын ишмердүүлүгүн жонгө салган ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрду жана толуктоолорду киргизүү:

- КЭУларды каттоонун мөөнөтүн коммерциялык уюмдарды каттоонун мөөнөттөрү менен ылайык келтирүү (3 жумуш күнү);
- КЭУнун Уставын каттоодогу зарыл документтердин тизмесинен алып салуу;
- кошумча финансылык отчеттуулукту Кайрымдуулук статусу бар уюмга же болбосо мамлекеттик бюджеттен акчалай же материалдык каржылангандыгы үчүн ишмердүүлүк кылган Коммерциялык эмес уюмга гана калтыруу.

2. КЭУ ларды онлайн каттоонун тартибин оптимизациялоо.Юридикалык жактарды каттоонун максаттарына жетүү үчүн юридикалык жактарды, филиалдарды(өкүлчүлүктөрдү) каттоо жөнүндө маалыматты берүүнү баардык маалыматтарды КР ЮМ сайтына чыгаруу (персоналдык маалыматтарга тийиштүү талаптарды сактоону эске алуу) менен автоматташтырууну сунуштайбыз.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси:


### Эл аралык келишимдер:

1. 1948-жылдын 10-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 217 A (III) резолюциясы менен кабыл алынган АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ.
2. 1966-жылдын 16-декабрында Башкы Ассамблеянын 2200 A (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган жарандык жана саясий укуктар жөнүндө пакт.
3. 1966-жылдын 16-декабрында Башкы Ассамблеянын 2200 A (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл-аралык пакт.
4. 1989-жылдын 20-ноябрында Башкы Ассамблеянын 44/25 резолюциясы менен кабыл алынган балдардын укуктары жөнүндө конвенция
5. ЕКШУ/ДИАУБ жана Венециандык комиссия тарабынан 2005 жылы иштелип чыккан “Бирикмелердин эркиндиги боюнча жетектөөчү принциптер”.

**Ченемдик укуктук актылар:**

6. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Коснтитуциясы
7. 1996-жылдын 8-майындагы №15 Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси
8. 1999-жылдын 15-октябрындагы № 111 Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 11-июнундагы №70 Кыргыз Республикасынын “Кооперативдер жөнундө” мыйзамы
9. 2005-жылдын 21-февралындагы №36 Кыргыз Республикасынын “Жамааттар жөнундө” мыйзамы
10. 2008-жылдын 31-декабрындагы №282 Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” мыйзамы
11. 1999-жылдын 12-июнундагы №50 Кыргыз Республикасынын “Саясий партиялар жөнүндө” мыйзамы
12. 2004-жылдын 22-майындагы №66 Кыргыз Республикасынын “Жумуш берүүчүлөрдүн бирикмеси жөнүндө” мыйзамы

13. 2013-жылдын 9-июлундагы №122 Кыргыз Республикасынын “Көп батирлүү үйлөрдүн турак жана турак эмес жайларынын менчик ээлеринин шериктиктери жөнүндө” мыйзамы.

**Атайын адабияттар:**

14. Д. А. Кондратьева, А.Ю. Фофанова/ Международный научный журнал «Символ Науки» №2/2016;
15. Некоммерческое право; (Учебное пособие) /Под общей редакцией Н.А. Идрисова – Бишкек: Т. Kirland, 2012 – 23 с;
16. Создание некоммерческих организаций в Кыргызской Республике / Авт.-сост. Н. Идрисов. – Бишкек: 2011. С 17
17. Отчет о результатах исследования “Право на свободу объединений: последние тенденции и перспективы развития гражданского общества”/Бишкек, 2015. электронный ресурс: https://pdf.usaid.gov/pdf_docs/PA00T7HT.pdf
18. Министерство юстиции Кыргызской Республики/электронная база данных юридических лиц, филиалов и представительств/ электронный ресурс: https://register.minjust.gov.kg/register/SearchAction.seam?logic=and&cid=11814475

**ТИРКЕМЕ**

№1 Тиркеме. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине берилген ‘’Катталган жана баш тартылган арыздардын санын коммерциялык жана коммерциялык эмес кылып бөлүп, толук маалымат берүү тууралуу өтүнүч.

ассоциация SMART ЖАРАН

Ассоциация "Смарт Жаран"
Адрес: Кыргызская республика, 720040
г. Бишкек, ул. Абдрахманова 204, 4 этаж,
e-mail: smartzharan.office@gmail.com

**Исх. № 07**
**Дата: 31. 05. 2022**

**Министерство юстиции**
**Кыргызской Республике**

**ЗАПРОС**
**на предоставление информации, находящейся в ведении государственных органов**

На основании статьи 33 Конституции Кыргызской Республики, статьи 6 Закона КР «О доступе к информации, находящейся в ведении государственных органов и органов местного самоуправления КР», статей 5, 6 Закона КР «О гарантиях и свободе доступа к информации», прошу Вас предоставить следующую информацию:

1. *Количество поступивших заявлений о регистрации юридических лиц за 2019-2021 годы с разбивкой по видам (г. Бишкек). Количество зарегистрированных юридических лиц и количество отказов в регистрации по г. Бишкек, с разбивкой по видам юридических лиц (см. в таблицу 1):*

*Таблица 1*


| | 2019 год | 2020 год | 2021 год |
|---|---|---|---|
| **Коммерческие организации** | | | |
| Всего заявлений | | | |
| Зарегистрировано | | | |
| Отказано в регистрации | | | |
| **Некоммерческие организации** | | | |
| Всего заявлений | | | |
| Зарегистрировано | | | |
| Отказано в регистрации | | | |

Запрашиваемую информацию прошу предоставить в двухнедельный срок, установленный ст. 10 Закона КР «О доступе к информации, находящейся в ведении государственных органов и органов местного самоуправления Кыргызской Республики».

*Контактный номер: 0557 574477*
*Эл. почта: aigerim.shadmanali@gmail.com*

С уважением,
Директор

ПОСТУПИЛО 31 05 2022



**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

720010, Бишкек ш., Жаш Гвардия пр., 32,
тел.: (312) 62 62 10 108; факс: (312) 65 65 02
ИНН 01403197010012
ИУЖК 00015711 0253101 2
E-mail: ep@minjust.gov.kg

**МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720010, г. Бишкек, пр. Молодой Гвардии, 32,
тел.: (312) 62 62 10 108; факс: (312) 65 65 02
ИНН 01403197010012
ОКПО 00015711 0253101 2
E-mail: ep@minjust.gov.kg

32 Molodaya Gvardiya Ave
Bishkek, 720010
Kyrgyz Republic
Tel.: +996 (312) 62 62 10 108
Fax: +996 (312) 65 65 02
E-mail: ep@minjust.gov.kg

**MINISTRY OF JUSTICE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

16.06.22 № 07-3/6393

**Чуй-Бишкекское управление юстиции**

**Обьединение юридических лиц "Ассоциация Смарт Жаран"**
*(г. Бишкек, ул. Абдрахманова 204, 4 этаж)*

В связи с разграничением функций Министерства юстиции Кыргызской Республики и его территориальных органов согласно статьей 5 Закона Кыргызской Республики «О государственной регистрации юридических лиц, филиалов (представительств)», направляем запрос объединения юридических лиц "Ассоциация Смарт Жаран" о предоставлении информации для рассмотрения по принадлежности.

Второму адресату для сведения.

**Приложение**: на 2 листах.

**Начальник управления регистрации юридических лиц** **У.Ш. Акулуев**

*Исп.: Ж. С. Эркинбаева*
*0312380138(+121)*

*№2 Тиркеме. КЭУлардан сурала турган анкета үчүн суроолор.*

1. Сиздин уюмуңуз кандай ишмердүүлүк жүргүзөт?
2. Сиздин уюмуңуздун укуктук уюштуруу формасы кандай?
3. Сиздин уюмуңуз кайсы региондон каттоодон өткөн?
4. Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинен каттоодон, кайра каттодон өтүү учурунда кандай документтерди тапшырдыңыз эле?
5. Сиздин уюмуңузду канча мөөнөт аралыгында каттоодон өткөрүштү?

6. Каттоо процесинин созулушуна кайсы жагдайлар негиз болду?
7. КЭУларды каттоодон өткөрүү боюнча кандай өзгөрүүлөрдү/жакшыртууларды сунуштайсыз?